| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛАСТЫ<br>ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК<br>КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ |
|---|---|---|

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылышы) кезексиз VIII сессиясы**

**Токтом № 26**

**Сүлүктү шаары** **30-ноябрь 2021-жыл**

**Сүлүктү шаарынан тыш, райондор жана шаарлар аралык маршруттук каттамдардын жүргүнчүлөрдү ташуу тарифин бекитүү жөнүндө**

"Тулпар" жоопкерчилиги чектелген коомунун 2021-жылдын 25-ноябрындагы №15 чыгыш сандуу Сүлүктү шаарынан тыш, райондор жана шаарлар аралык маршруттук каттамдарынын жүргүнчүлөрдү ташуу тарифин бекитип берүү жөнүндө каты боюнча шаардык кеңештин бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясынын сунуштарын угуп жана талкуулап Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123 "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 27 беренесинин, 2013-жылдын 19-июлундагы N 154 "Автомобиль транспорту жөнүндө" Мыйзамынын 11 беренесине, 2009-жылдын 20-июлундагы N 241 "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Мыйзамынын 10,17 беренесине ылайык Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаардык кеңешинин 2014-жылдын 8-июлундагы №69 "Сүлүктү шаарынан тыш, райондор жана шаарлар аралык маршруттарда каттоочу жүргүнчүлөрдү ташуучу маршруттук каттамдардын жол кирелеринин тарифтик баалары жөнүндө токтому күчүн жоготту деп эсептелсин
2. Сүлүктү шаарынан тыш, райондор жана шаарлар аралык маршруттук каттамдардын жүргүнчүлөрдү ташуу тарифи убактынча 2021-жылдын10 декабрынан баштап 2022-жылдын I кварталынын аягына чейин бир жүргүнчүгө 1 чакырымы (км) 1 сом 99 тыйын өлчөмүндө бекитилсин
3. Сүлүктү шаарынан тыш, райондор жана шаарлар аралык маршруттук каттамдардын жүргүнчүлөрдү ташуу тарифин "Шахтер" жолу гезитине жарыялоо жагы "Шахтер" жолу гезитинин башкы редактору К.Шамшиевага милдеттендирилсин
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн

Төрага К.Мадаминов